Англис филологиясы кафедрасынын 2023-жылдагы 11-ноябрда өтүлгөн № 3 отурумy

Катышкандар: баары
Күн тартибинде:
1. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу жана көзөмөлдөө. СРСП боюнча маалымат Кураторлордун отчету.
2. Кафедранын метод секциясынын иш-чаралары жана алардын эффективдүүлүгү жөнүндө.
3. Аккредитациянын талаптарына ылайык кафедрада окутулуп жаткан предметтердин окуу куралдарын жаңылоо боюнча аткарылган иштер.
4. Ар түрдүү маселелер.

1. Кафедра башчысы, доцент Кабылов Т.Б. студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу, кабыл алышы, жыйынтыкталышы жана көзөмөлдөнүшү боюнча баяндама жасады. Ал студенттин өз алдынчалуулугун калыптандырууну айтуу менен бири-бири менен тыгыз байланыштуу эки маселени айлануу керектигин айтты. Каф. башчысы, доцент Кабылов Т.Б. студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууу (СРС) окуу планы боюнча ар бир окутуучунун жумушчу программасында көрсөтүлүп, кафедрада мооночу болгон окутуучулар тарабынан атайын журналга түшүрүлүп, аткарылышын айтты. СРС предметтердин өзгөчөлүгүнө карата доклад, эссе, реферат, плакат, презентация, тексттерди айтуу берүү, оозеки, онлайн жана башка формаларда алынат. Мындан сырткары кафедра окутуучулары да студенттер менен СРСП белгиленген убакытта жана материалдары да алынып жаткандыгын айтышты.

Токтом: Студенттердин өз алдынча иш-терин уюштуруу талапка ылайыктуу аткарылуусу метод кеңештин төрагасы Токторова В.Ж. га жүктөлсүн.

2. Методсекция башчысы, улук окутуучу Токторова В.Ж. кафедранын методсекциянын иш-чараларын график боюнча жүргүзүлүп жаткандыгы жана анын эффективдүүлүгү жөнүндө айтып берди. Мисалы, жумушчу программалар, силлабустар өзгөртүлдү. Күтүлүүчү натыйжалардын, максаттардын негизинде жаңыландыгы, ОМК лар да жаңылангандыгын кошумчалады. Ошондой эле, жаңы келген жана жаш окутуучуларга устат шайлап берүү маселесин карап, тажрыйбалуу окутуучулар устат болуу милдеттендирилгенин айтып өттү.

Токтом: Методсекциянын иш-чаралары өз убагында аткарылган жана алардын эффективдүүлүгү жөнүндө маалыматтар берилип туруу жөнүндө жана устат-шакирт милдеттери тактык менен аткарылуусу жөнүндө токтом кабыл алынды.

3. Кафедра башчысы, доцент Кабылов Т.Б. быйылкы окуу жылында Аккредитациядан өтө тургандыгыбызды эскертип, бул маселеге олуттуу көңүл буруу зарылдыгын айтты. Ал өз сөзүндө Аккредитациянын талаптарын айтып, окутулуп жаткан предметтердин окуу куралдарын кайрадан карап чыгып, аларды жаңылоо боюнча иш алып баруу зарылдыгына токтолду. Бул маселе боюнча кафедра мүчөөрү ушул маселенин үстүндө иштеп жатышканын, аткарылып жаткан иштерди айтышып, окутулуп жаткан жана жаңы кошулган предметтердин ОМК ларын жаңылоонун үстүндө иштеп жатышканын, жумушчу программа, силлабус, ички жана сырткы рецензиялар, ФОС, аннотация, модулдук, экзамендик тесттер, талапка ылайык окуу куралдары да жаңыланып жаткандыгы тууралуу маалымат беришти. Каф. башчысы, доцент Кабылов Т.Б. оңдоп түзөөдөн өткөн материалдарды кафедранын маалымат сайттарына да жүктөө зарылдыгын баса белгиледи.

Токтом: Аккредитациянын талаптарына ылайык кафедрада окутулуп жаткан предметтердин окуу куралдарын жаңылоо боюнча аткарылып жаткан иштер канааттандырарлык деп табылсын.

Төрага: [signature] ф.и.к., доцент Кабылов Т.Б.

Катчы: [signature] Бактыбек к Н